Уйкум келбей жатат!

Автор: Сара Мс Грегор

Сүрөтчү: Суби Боса

Которгон жана адаптациялаган: Калия Кулалиева

Уйкум келбей жатат!

Автор: Сара Мс Грегор
Сүрөтчү: Суби Боса
Которгон жана адаптациялаган: Калия Кулалиева

Кыргыз тилинде
Бишкек - 2021

Copyright © 2020, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Уйкум келбей жатат!" (кыргыз тилинде), Калия Кулалиева тарабынан которулуп адаптацияланган, сүрөттөрдү адаптациялаган Жыргал Касмамытова.
I Don't Want to go to Sleep! (англисче) чыгарманын негизинде, автору Sarah McGregor, сүрөтчүсү Subi Bosa, Book Dash © 2018 CC BY 4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://bookdash.org/books/i-dont-want-to-go-to-sleep-by-subi-bosa-sarah-mcgregor-and-alexia-greef/

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom

– Апа, уйкум келбей жатат!

– Түнүң бейпил болсун! Уктай кой, кызым.



– Укта, кызым! Жакшы жатып, жай тур.

– Менин... уйкум... келбей жатат...

– Дагы эле уктай элексиңби? Бермет, укта...

– Уйкум келген жок.

– Апа, суу ичем! Уйкум келген жок!

– Укта, кызым.

– Анда кел, жомок дүйнөсүнө саякат жасайлы.

– Макул, апа.

– Кайсы жакка сапар тарталы?

– Алгач жапайы жаныбарлар менен достошуу үчүн жунглиге баралы.

– Андан кийин дагы эмне кыласың?

– Анан канат жасап алып, көпөлөк болуп учам.

– Анан?..

– Анан жылдыздан жылдызга секирип ойнойм. Чөнтөгүмө жылдыз толтуруп, сизге берем.

– Андан кийинчи?

– Андан кийин кемеге түшүп, океанга чыгам. Суу жандыктары менен сүйлөшөм. Кальмар менен бийлейм.

– Мына кызым, сенин кемең ушул. Жакшы жат.

– Кутман түн, Бермет!

– Керемет түштөрдү көр, кызым!



USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Сара Мс Грегор
Сүрөтчү: Суби Боса
Которгон жана адаптациялаган:
Калия Кулалиева

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- **1.2 деңгээли**
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли